Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ

## январь-май

### Айлык чыгарылыш

Бишкек-2015

# *Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык абалы*

Редакциялык-басмалык кеңеш:
Төрага - А. Осмоналиев
Мүчөлөр: - Д. Байжуманов
- Б. Касымбеков
- Л. Текеева
- Т. Токтобеков
- В. Бирюкова
- А. Оросбаев
- Ч. Турдубаева

Ушул басылмага байланыштуу суроолор боюнча төмөнкү дарекке кайрылыңыздар:
Бишкек ш., Фрунзе көчөсү, 374; телефон: 996 (312) 625662;
факс: 66-01-38; магниттик: www.stat. kg ;
e-mail: nsc_mail@stat.kg;
Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети
Жыйынтыктоо иштери жана статистикалык маалыматтарды жайылтуу бөлүмү

***Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык абалы*** басылмасы оперативдүү маалыматтардын негизинде 2015-жылдын январь-майындагы өлкөнүн экономикасынын абалын реалдуу, мамлекеттик, финансылык, тышкы жана социалдык секторлор менен кошо талдоону камтыйт. Тиркемелерде толук статистикалык таблицалар берилди. Мурунку жылдары жарыяланган көрсөткүчтөрдүн ордуна такталган маалыматтар берилди. Ай сайын чыгарылат.

Тиражы: 33 нуска

Басылма магниттик дискеталарда да бар.

Статистикалык маалыматтарды жалпыга маалымдоо каражаттарында жана илимий эмгектерде пайдаланган учурда маалыматтык тармактарда, кагазда, магниттик жана башка алып жүрүүчүлөргө таратканда, пайдалануучулар алардын булагын көрсөтүүгө милдеттүү (“Мамлекеттик статистика жөнүндө” Мыйзамдын 17-беренеси).

Бул басылманын маалыматтарын жаңылоонун акыркы күнү: 2015-ж. 16-июну

**Шарттуу белгилер:**

- \- кубулуш болгон эмес;
- . . . маалымат жок;
- 0,0 көрсөткүчтүн мааниси өлчөөнүн бирдигинен аз.

Жыйынтыктын кошулган суммалардан бир аз айырмасы алардын тегеректелиши менен түшүндүрүлөт.

# М а з м у н у

**1. Кыргыз Республикасынын негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрү .................. 5**

**2. Сектордук баян ......................................................................................................... 6**

**Реалдуу сектор ............................................................................................... 6**

**Мамлекеттик сектор ...................................................................................45**

**Финансы сектору .........................................................................................52**

**Тышкы сектор ..............................................................................................58**

**Социалдык сектор .......................................................................................66**

**3. 2015-жылдын I кварталындагы туризмдин өнүгүшү жөнүндө ..................................75**

**Тиркеме**

**I. Реалдуу сектор 152**

**II. Тышкы сектор 162**

## 1-таблица: Кыргыз Республикасынын негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрү

| | 2015 январь-майы | 2015 январь-майы 2014 январь-майына карата пайыз менен | 2015 майы пайыз менен | | Маалымдоо: | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 2014 майына карата | 2015 апрелине карата | 2014 январь-майы 2013 январь-майына карата пайыз менен | 2014 майы пайыз менен | |
| | | | | | | 2013 майына карата | 2014 апрелине карата |
| Ички дүң продукт (алдын ала баалоо боюнча), млн. сом | 139721,2 | 106,9 | | | 104,1 | | |
| анын ичинде «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда | 125540,6 | 103,9 | | | 103,8 | | |
| Өнөр жай продукциясынын көлөмү - бардыгы, млн. сом | 76358,3 | 121,5 | 124,7 | 92,4 | 106,8 | 95,7 | 92,8 |
| «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда | 38403,3 | 100,7 | 108,4 | 89,9 | 106,4 | 104,7 | 91,1 |
| Айыл чарбасынын, токой чарбасынын жана балык уулоочулуктун продукция-ларынын дүң чыгарылышы, млн. сом | 41213,9 | 101,8 | 102,0 | 120,8 | 100,6 | 99,4 | 119,2 |
| Негизги капиталга инвестициялар, млн. сом | 29457,1 | 106,9 | 99,7 | 108,7 | 117,7 | 107,4 | 130,0 |
| Курулуштун дүң продукциясынын жалпы көлөмү, млн. сом | 28257,7 | 111,8 | 111,4 | 135,3 | 126,7 | 117,6 | 138,6 |
| Дүң жана чекене соода жүгүртүүнүн жалпы көлөмү, автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоо, млн. сом | 123826,0 | 105,8 | 104,9 | 107,0 | 103,6 | 103,2 | 109,8 |
| Мейманканалардын жана ресторандардын кызмат көрсөтүүлөрүнүн көлөмү, млн. сом | 5575,1 | 105,7 | 104,3 | 100,1 | 105,3 | 105,7 | 105,4 |
| Жүк ташуу көлөмү, миң тонна | 10805,5 | 102,4 | 106,0 | 107,3 | 101,5 | 96,4 | 101,2 |
| Жүргүнчүлөрдү ташуунун көлөмү, миң адам | 249971,2 | 101,1 | 100,0 | 106,5 | 101,6 | 101,1 | 108,0 |
| Керектөө бааларынын индекси мурунку жылдын декабрына карата | 101,2 | 109,0 | 106,0 | 99,2 | 105,9 | 108,1 | 100,9 |
| Тышкы соода жүгүртүүнүн көлөмү[1],млн. АКШ доллары | 1797,4 | 89,8[2] | 90,8[3] | 106,1[4] | 94,6[2] | 86,6[3] | 109,7[4] |
| анын ичинде: | | | | | | | |
| экспорт | 491,3 | 105,2 | 89,7 | 74,7 | 113,5 | 107,4 | 122,6 |
| импорт | 1306,1 | 85,1 | 91,1 | 119,5 | 90,0 | 82,2 | 106,6 |
| Бир кызматкердин орточо айлык номиналдык эмгек акысы[5], сом | 12159 | 107,9[2] | 106,4[3] | 97,0[4] | 105,1[2] | 105,8[3] | 98,3[4] |
| Катталган жумушсуздардын саны, миң адам | 57,9 | 98,4 | 109,1 | 90,0 | 97,5 | 84,3 | 87,6 |

[1] 2015-ж. январь-апрели (алдын ала маалыматтар боюнча Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бажы кызматынын маалыматтарынын негизинде).
[2] 2015-ж. январь-апрели жана 2014-ж. январь-апрели мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен.
[3] 2015-ж. апрели жана 2014-ж. апрели мурунку жылдын тийиштүү айына карата пайыз менен.
[4] 2015-ж. апрели жана 2014-ж. апрели мурунку айга карата пайыз менен.
[5] Январь-апрель, чакан ишканаларды кошпогондо.

## 2. Сектордук баян

## Реалдуу сектор

**Өнөр жай.** 2015-жылдын январь-майында өнөр жай ишканалары тарабынан 76358,3 млн. сом суммасында продукция өндүрүлдү, физикалык көлөмдүн индекси 2014-ж. январь-майына карата 121,5 пайызды, «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда 38403,3 млн. же 100,7 пайызды түздү, 2015-ж. апрелине карата 92,4 пайызды түздү. 2015-ж. майында өнөр жай продукциясы 12793,7 млн. сом суммасында өндүрүлдү, физикалык көлөмдүн индекси 2014-ж. майына карата 124,7 пайызды, «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда 6700,1 млн. же 108,4 пайызды түздү.

**2-таблица: Январь-майдагы өнөр жай продукциясынын өндүрүлүшүнүн көлөмү**

*(млн. сом)*

| | 2014 | | 2015 | |
|---|---|---|---|---|
| | май | январь-май | май | январь-май |
| **Бардыгы** | **9840,9** | **54353,8** | **12793,7** | **76358,3** |
| Пайдалуу кендерди казуу | 365,3 | 1725,0 | 627,5 | 2888,8 |
| Иштетүү өндүрүшү | 8221,5 | 40405,2 | 10549,9 | 58466,4 |
| Электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) | 1142,1 | 11643,8 | 1498,5 | 14368,9 |
| Суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу | 111,9 | 579,8 | 117,8 | 634,2 |

Өнөр жай продукцияларынын көлөмүнүн өсүүсү негизги металл жана даяр металл буюмдарын, тазаланган мунайзат продуктуларын, фармацевтикалык продукцияларды, компьютер, электрондук жана оптикалык жабдууларды өндүрүүнүн, ошондой эле пайдалуу кендерди казуунун өсүүсү менен шарталды.

**3-таблица: Январь-майдагы өнөр жай продукциясынын физикалык көлөмүнүн экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча индекстери**

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*

| | 2014 | | 2015 | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | май | январь-май | май | январь-май | май апрелге карата |
| **Бардыгы** | **95,7** | **106,8** | **124,7** | **121,5** | **92,4** |
| "Кумтөр" кен казуу ишканаларын эсепке албаганда | 104,7 | 106,4 | 108,4 | 100,7 | 89,9 |
| **Пайдалуу кендерди казуу** | **103,4** | **121,0** | **248,9** | **189,6** | **152,0** |
| Таш көмүр жана күрөң көмүр (лигнит) казуу | 113,3 | 139,6 | 86,8 | 116,6 | 106,2 |
| Чийки мунайзат жана жаратылыш газын өндүрүү | 102,6 | 98,3 | 132,5 | 107,2 | 129,6 |
| Металл рудасын казуу | - | 2691,1 | - | 855,5 | 194,2 |
| Башка пайдалуу кендерди казуу | 94,0 | 97,9 | 77,4 | 89,2 | 96,3 |
| **Иштетүү өндүрүшү** | **94,8** | **105,0** | **123,7** | **124,7** | **91,4** |
| Тамак-аш азыктарын (суусундуктарды кошкондо) жана тамеки өндүрүү | 123,5 | 111,4 | 91,8 | 93,9 | 102,8 |
| Текстиль өндүрүшү; кийим жана бут кийимдерди, булгаары, булгаарыдан жасалган башка буюмдарды өндүрүү | 99,7 | 102,4 | 54,7 | 58,5 | 104,1 |
| Жыгачтан жана кагаздан жасалган буюмдар өндүрүшү; басмакана ишмердиги | 102,4 | 99,2 | 98,1 | 88,6 | 100,2 |
| Тазаланган мунайзат продуктуларды өндүрүү | 134,4 | 103,7 | 19,5 | 422,4 | 2,4 |
| Химиялык продукцияларды өндүрүү | 88,7 | 111,6 | 67,4 | 47,3 | 132,4 |
| Фармацевтикалык продукцияларды өндүрүү | 118,2 | 115,5 | 171,5 | 130,1 | 118,0 |

| | 2014 | | 2015 | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | май | январь-май | май | январь-май | май апрелге карата |
| Резина жана пластмасса буюмдар, башка металл эмес минералдык продуктуларды өндүрүү | 94,5 | 95,6 | 131,0 | 102,8 | 93,7 |
| Негизги металл жана даяр металл буюмдарды өндүрүү, машина жана жабдуу өндүрүшүнөн башка | 84,2 | 106,8 | 151,5 | 154,1 | 96,0 |
| Компьютер, электрондук жана оптикалык жабдууларды өндүрүү | 172,1 | 78,3 | 51,8 | 111,5 | 72,0 |
| Электр жабдууларын өндүрүү | 114,3 | 102,1 | 75,6 | 80,0 | 85,8 |
| Машина жана жабдууларды өндүрүү | 69,7 | 110,0 | 119,6 | 62,9 | 183,5 |
| Транспорт каражаттарын өндүрүү | 95,5 | 65,7 | 84,7 | 94,4 | 97,7 |
| Өндүрүштүн башка тармактары, машина жана жабдууну ондоо жана орнотуу | 100,0 | 75,5 | 103,9 | 106,4 | 71,7 |
| **Электр энергия, газ, буу, кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу)** | **98,6** | **112,4** | **94,7** | **92,1** | **75,8** |
| Электр энергия өндүрүү, берүү жана бөлүштүрүү | 104,5 | 113,0 | 90,7 | 88,3 | 77,2 |
| Газ өндүрүшү; газ жабдуу системасы аркылуу газ түрүндөгү күйүүчү майды бөлүштүрүү | 38,5 | 78,0 | 188,1 | 128,4 | 96,1 |
| Буу, кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) | 208,5 | 145,4 | 74,1 | 121,8 | 29,2 |
| **Суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу** | **111,8** | **109,4** | **106,8** | **106,8** | **90,1** |
| Сууну чогултуу, иштетүү, бөлүштүрүү (суу менен жабдуу) | 110,3 | 104,2 | 93,0 | 100,0 | 90,9 |
| Агып чыкма сууларды чогултуу жана иштетүү | 90,9 | 101,7 | 101,9 | 98,1 | 94,9 |
| Калдыктарды чогултуу, иштетүү жана жок кылуу, кайра пайдалануучу чийки затты алуу | 103,3 | 101,9 | 407,7 | 212,6 | 132,4 |
| Тазалоо жана башка калдыктарды иштетүү | 115,6 | 117,0 | 103,4 | 107,8 | 80,4 |

Өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмүнүн төмөндөшү Ош, Чүй, Талас облустарында, ошондой эле Бишкек ш. тамак-аш азыктарын (суусундуктарды кошкондо) жана тамекилерди өндүрүү, текстиль жана тигүү өндүрүшүнүн, резина жана пластмасса буюмдарын, ошондой эле башка металл эмес минералдык продуктуларды өндүрүүнүн олуттуу кыскарышынын эсебинен болду.

**4-таблица: Январь-майдагы өнөр жай продукциясын өндүрүүнүн аймактар боюнча көлөмү**

| | Өндүрүлдү - бардыгы, млн. сом | | | | Физикалык көлөмдүн индекси, пайыз менен | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2014 | | 2015 | | 2014 | | 2015 | |
| | май | январь-май | май | январь-май | май | январь-май | май | январь-май |
| **Кыргыз Республикасы** | **9840,9** | **54353,8** | **12793,7** | **76358,3** | **95,7** | **106,8** | **124,7** | **121,5** |
| Баткен облусу | 335,4 | 1765,4 | 517,7 | 2159,5 | 61,8 | 75,5 | 155,7 | 118,4 |
| Жалал-Абад облусу | 902,3 | 5423,4 | 1243,9 | 6911,3 | 102,2 | 108,7 | 134,6 | 104,5 |
| Ысык-Көл облусу | 1914,1 | 11517,3 | 3069,2 | 19935,4 | 84,1 | 107,8 | 154,1 | 157,1 |
| Нарын облусу | 84,3 | 514,9 | 101,2 | 630,3 | 100,7 | 105,9 | 98,4 | 107,2 |
| Ош облусу | 274,6 | 1276,0 | 247,9 | 1289,6 | 121,6 | 121,3 | 89,0 | 91,2 |
| Талас облусу | 76,6 | 407,8 | 68,5 | 412,9 | 109,6 | 113,8 | 80,7 | 83,8 |
| Чүй облусу | 3680,5 | 20035,6 | 5142,9 | 30978,4 | 102,0 | 100,9 | 107,8 | 97,4 |
| Бишкек ш. | 2391,4 | 12195,5 | 2209,6 | 12612,4 | 108,1 | 104,6 | 78,6 | 78,9 |
| Ош ш. | 181,7 | 1217,9 | 192,8 | 1428,4 | 101,2 | 113,1 | 110,9 | 110,2 |

2015-жылдын январь-майында өнөр жай өндүрүшүнүн жалпы көлөмүндөгү пайдалуу кендерди казуунун үлүшү 3,8 пайызды, иштетүү өндүрүшү - 76,6, электр энергия, газ, буу, кондицияланган аба менен камсыздоо - 18,8, суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу - 0,8 пайызды түздү.

*Пайдалуу кендерди казуунун продукцияларын өндүрүүнүн көлөмү* ү.ж. январь-майында 2888,8 млн. сомду түздү, ал эми 2014-ж. январь-майына карата физикалык көлөмдүн индекси 189,6 пайызды түздү. Өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмүнүн жогорулашы металл рудасын казуу - 8,6 эсеге, ошондой эле таш көмүр жана күрөң көмүр (лигнит) - 16,6 пайызга өсүүсүнөн камсыздалды. Муну менен катар башка пайдалуу кендерди казуунун көлөмү (10,8 пайызга) кыскаргандыгы белгиленди.

**5-таблица: Январь-майдагы пайдалуу кендердин негизги түрлөрүнүн казылышы**

| | Өндүрүлдү - бардыгы | | | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2014 | | 2015 | | 2014 | | 2015 | |
| | май | январь-май | май | январь-май | май | январь-май | май | январь-май |
| **Таш көмүр жана күрөң көмүр (лигнит) казуу** | | | | | | | | |
| Таш көмүр, миң т | 12,0 | 105,4 | 3,1 | 70,3 | 55,9 | 138,9 | 26,0 | 66,7 |
| Күрөң көмүр (лигнит), миң т | 69,4 | 351,1 | 70,0 | 479,2 | 150,7 | 142,0 | 100,8 | 136,5 |
| **Чийки мунайзат жана жаратылыш газын өндүрүү** | | | | | | | | |
| Иштетилбеген мунайзат, миң т | 6,5 | 30,4 | 8,6 | 32,4 | 106,6 | 97,4 | 132,3 | 106,6 |
| Суюк же газ түрүндөгү жаратылыш газы, млн. $м^3$ | 1,7 | 14,3 | 2,3 | 16,1 | 69,2 | 105,1 | 135,3 | 112,6 |
| **Башка пайдалуу кендерди казуу** | | | | | | | | |
| Гранит, кум жана эстеликтер, жасалгалар жана курулуш үчүн таш, т | 277,7 | 1397,5 | 105,3 | 361,3 | 241,5 | 7,6 | 37,9 | 25,9 |
| Кальцинацияланбаган доломит, т | 2321,4 | 9254,9 | 550,7 | 1068,7 | 120,5 | 101,6 | 23,7 | 11,5 |
| Чопо жана каолин (фарфор аралашмасы), миң т | 12,5 | 23,5 | 7,4 | 14,6 | 754,5 | 15,1 | 59,2 | 62,1 |

*Иштетүү өндүрүшүнүн* продукцияларынын көлөмү 2015-ж. январь-майында жалпысынан 58466,4 млн. сомду түздү, анын ичинен негизги металл жана даяр металл буюмдарын өндүрүү - 38957,0 млн. сомду (анын жалпы көлөмүнүн 51,0 пайызы), тамак-аш азыктарын (суусундуктарды кошкондо) жана тамекини өндүрүү - 8106,5 млн. сомду (10,6 пайыз), резина жана пластмасса буюмдарын, башка металл эмес минералдык продуктуларды өндүрүү - 5658,7 млн. сомду (7,4 пайыз), текстиль өндүрүшү; кийим, бут кийим жана булгаары, булгаарыдан жасалган буюмдарды өндүрүү - 1310,1 млн. сомду (1,7 пайыз) түздү. Жалпысынан тармактар боюнча физикалык көлөмдүн индекси ү.ж. январь-майында 124,7 пайызды, майда - 123,7 пайызды түздү.

2015-жылдын январь-майында негизги металлдар жана даяр металл буюмдар өндүрүшүндө продукциялардын көлөмүнүн (1,5 эсеге) көбөйүшү баалуу металлдарды өндүрүүнүн жана тазалоонун өсүшү менен шартталды. Тазаланган мунайзат продуктуларын өндүрүүдө продукциялардын көлөмү 4,2 эсеге, компьютер, электрондук жана оптикалык жабдуулар - 11,5 пайызга, башка өндүрүштөрдө машина жана жабдууларды оңдоо жана орнотуу - 6,4 пайызга, резина жана пластмасса буюмдарын, башка металл эмес минералдык продуктулар -2 ,8 пайызга өстү.

2015-жылдын январь-майында өткөн жылдын январь-майына салыштырмалуу тамак-аш азыктарын (суусундуктарды кошкондо) жана тамекилерди өндүрүүнүн, текстиль жана кийим өндүрүшүнүн, химиялык продукцияларды, электр жабдууларын, транспорт каражаттарын өндүрүүнүн төмөндөшү белгиленди.

**6-таблица: Январь-майдагы иштетүү тармактарынын продукцияларынын негизги түрлөрүнүн өндүрүлүшү**

| | Өндүрүлдү - бардыгы | | | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2014 | | 2015 | | 2014 | | 2015 | |
| | май | январь-май | май | январь-май | май | январь-май | май | январь-май |
| **Тамак-аш азыктарын (суусундуктарды кошкондо) жана тамекини өндүрүү** | | | | | | | | |
| Ири мүйүздүү малдын, чочконун, эчкинин, жылкынын жаңы жана муздатылган эти жана тамак-аш субпродуктулары, т | 647,0 | 3387,2 | 811,7 | 3573,1 | 117,1 | 114,2 | 125,5 | 105,5 |
| Үй канаттуулардын иштетилген жана консервирваланган эти, т | 345,5 | 375,5 | 425,6 | 484,6 | 154,9 | 245,6 | 123,2 | 129,1 |
| Колбаса азыктары, т | 261,3 | 1215,6 | 246,5 | 1170,3 | 108,7 | 102,2 | 94,3 | 96,3 |
| Иштетилген сүт, т | 1961,4 | 10668,6 | 2815,4 | 13609,1 | 110,7 | 192,5 | 143,5 | 127,6 |
| Сырлар, т | 290,2 | 911,7 | 400,8 | 1138,0 | 86,6 | 108,1 | 138,1 | 124,8 |
| Дан эгиндеринин жана башка өсүмдүктөрдүн уну, алардын аралашмасы жана байытылган, миң т | 23,7 | 122,6 | 22,2 | 103,3 | 169,0 | 122,7 | 94,0 | 84,3 |
| Жаңы бышкан нан, миң т | 5,2 | 24,2 | 4,8 | 24,2 | 118,1 | 111,1 | 92,4 | 100,0 |
| Макарон, кесме жана ушул өңдүү ундан жасалган азыктар, т | 1398,3 | 6759,4 | 1773,6 | 8293,8 | 90,4 | 110,4 | 126,8 | 122,7 |
| Коньяк, миң литр | 44,2 | 289,0 | 34,1 | 155,3 | 89,8 | 115,8 | 77,1 | 53,7 |
| Этил спирти, миң литр | 513,8 | 2774,3 | 186,8 | 2648,0 | - | 148,3 | 36,4 | 95,4 |
| Сигареталар, млн. даана | 95,3 | 239,3 | - | - | 99,1 | 72,8 | - | - |
| **Текстиль өндүрүшү; кийим жана бут кийимдерди, булгаары, булгаарыдан жасалган башка буюмдарды өндүрүү** | | | | | | | | |
| Кардо жана тарак менен таралган пахта буласы, т | - | 2269,1 | - | 3403,6 | - | 80,4 | - | 150,0 |
| Текстилден даярдалган башка буюмдар, миң даана | 2,4 | 2484,8 | 6,4 | 1927,8 | 0,8 | 128,8 | 266,7 | 77,6 |
| Эркектер жана балдар үчүн сырткы кийим (трикотаж кийиминен башка), миң даана | 189,5 | 777,8 | 159,3 | 548,6 | 71,9 | 55,0 | 84,0 | 70,5 |
| Аялдар жана кыздар үчүн сырткы кийим (трикотаж кийиминен башка), миң даана | 3415,3 | 11666,3 | 1762,6 | 5584,1 | 101,9 | 117,2 | 51,6 | 47,9 |
| Машинага же колго токулган трикотаж колготкилер, миң даана | 103,8 | 609,7 | 39,3 | 314,5 | 207,9 | 139,1 | 37,9 | 51,6 |
| Машинага же колго токулган трикотаж байпак, миң даана | 3128,2 | 11871,4 | 564,0 | 7978,1 | 87,5 | 70,0 | 18,0 | 67,2 |
| Ири мүйүздүү малдын терисинен булгаары же жылкынын жүнсүз териси, миң дм$^2$ | 266,5 | 1046,5 | 198,7 | 851,1 | 365,1 | 248,5 | 74,6 | 81,3 |
| Кой, эчки, чочколордун жүнсүз терилеринен жасалган булгары, миң дм$^2$ | 27,9 | 138,7 | 28,0 | 98,3 | 103,7 | 112,5 | 100,4 | 70,9 |
| Бут кийим, миң түгөй | 926,2 | 2435,1 | 186,1 | 1213,1 | 185,4 | 171,3 | 20,1 | 49,8 |
| **Резина жана пластмасса буюмдарын, башка металл эмес минералдык продуктуларды өндүрүү** | | | | | | | | |
| Айнек тилкелер, миң м$^2$ | 1676,9 | 8460,8 | 260,3 | 6587,2 | 70,8 | 71,3 | 15,5 | 77,9 |
| Цемент, миң т | 158,4 | 589,4 | 186,1 | 634,0 | 87,5 | 93,3 | 117,5 | 107,6 |

| | Өндүрүлдү - бардыгы | | | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2014 | | 2015 | | 2014 | | 2015 | |
| | май | январь-май | май | январь-май | май | январь-май | май | январь-май |
| Штукатурка (гипс), т | 326,0 | 803,7 | 283,0 | 1065,3 | 130,9 | 91,9 | 86,8 | 132,5 |
| Товардык бетон, миң т | 85,9 | 304,0 | 63,7 | 316,6 | 139,4 | 104,7 | 74,1 | 104,2 |
| **Негизги металл жана даяр металл буюмдарын өндүрүү, машина жана жабдуу өндүрүүдөн башка** | | | | | | | | |
| Металлконструкциялар жана алардын бөлүктөрү, т | 1580,0 | 5979,0 | 1413,9 | 4412 | 119,8 | 108,2 | 89,5 | 73,8 |
| Курулуш иштер үчүн жасалган конструкциялар, т | 1237,7 | 3259,8 | 517,7 | 2025,6 | 131,2 | 127,2 | 41,8 | 62,1 |
| Чатыр тилкеси (темирчерепица), т | 221,1 | 1766,6 | 718,6 | 1595,9 | 123,2 | 83,5 | 325,0 | 90,3 |
| Металлдан жасалган эшиктер, терезелер жана алардын жээктери, эшиктердин босоголору, кв. м | 598,9 | 815,8 | 172,5 | 486,7 | 1834,8 | 255,2 | 28,8 | 59,7 |
| Цинктен жасалган профилдер, проволокалар, пруткилер, стержндер, плиталар, барактар, тасмалар, тилкелер, жана фольгалар, миң. пог. м | 3,7 | 108,5 | 56,7 | 90,3 | 26,9 | 110,3 | 1528,1 | 83,2 |
| **Компьютер, электрондук жана оптикалык жабдуу өндүрүшү** | | | | | | | | |
| Диоддор, транзисторлор, тиристорлор, димисторлор (диоддук тиристорлор) жана симисторлор (триоддук тиристорлор), даана | - | 36 | - | 14 | - | 1,4 | - | 38,9 |
| Компьютерлерди жана перифериялык түзүлүштөрдү өндүрүү (топтоо кошулганда) жана аларды орнотуу боюнча кызмат көрсөтүүлөр, миң сом | 299,3 | 2268,8 | 177,1 | 1480,5 | 81,6 | 136,0 | 59,2 | 65,3 |
| **Электр жабдууларын өндүрүү** | | | | | | | | |
| 16 кВА дан көп эмес кубаттуулуктагы башка трансформаторлор, даана | 3645 | 17150 | 4052 | 19961 | 114,2 | 113,8 | 111,2 | 116,4 |
| Өчүрүү, өткөрүү үчүн аппаратуралар же электр чынжырчаларын коргоо (төмөнкү вольттуу аппаратура: өчүргүч, реле, патрон, вилка жана башкалар). миң. даана | 21,4 | 244,9 | 32,6 | 389,2 | 46,4 | 77,0 | 152,3 | 158,9 |
| Ысыткыч лампалар же газ менен иштөөчү лампалар; доголуу лампалар, млн. даана | 16,0 | 87,2 | 10,5 | 61,8 | 119,5 | 108,5 | 65,7 | 70,8 |
| **Транспорт каражаттарын өндүрүү** | | | | | | | | |
| Радиаторлор жана алардын бөлүктөрү, миң. даана | 8,3 | 35,4 | 7,2 | 34,2 | 91,2 | 64,5 | 86,7 | 96,6 |
| Чиркегичтер жана башка жарым чиркегичтер, даана | 13 | 44 | 4 | 11 | - | 122,2 | 30,8 | 25,0 |
| **Өндүрүштүн башка тармактары, машина жана жабдууну оңдоо жана орнотуу** | | | | | | | | |
| Кеңсе эмеректери, даана | 1122 | 5774 | 1408 | 7219 | 90,0 | 77,8 | 125,5 | 125,0 |
| Тамак ичүүчү жана турак бөлмөлөр үчүн жыгач эмеректер (отуруучу эмеректерден башка), даана | 978 | 3850 | 977 | 3452 | 85,3 | 84,4 | 99,9 | 89,7 |
| Ашкана эмеректери, даана | 731 | 2693 | 814 | 3248 | 108,0 | 96,9 | 111,4 | 120,6 |

## 1-график: Январь-майдагы аймак боюнча өнөр жай продукциясынын физикалык көлөмүнүн индекстери

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## 2-график: Майдагы айыл чарба, токой чарбасы жана балык уулоо продукциясынын физикалык көлөмүнүн индекстери

*(мурунку жылдын тийиштүү айына карата пайыз менен)*



Үстүбүздөгү жылдын январь-майында *электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен* камсыздоонун (жабдуу) көлөмү 14368,9 млн. сомду, ал эми физикалык көлөмдүн индекси - 92,1 пайызды, майда тиешелүүлүгүнө жараша - 1498,5 млн. сомду жана 94,7 пайызды түздү. Өндүрүштүн көлөмүнүн төмөндөшү электр энергия иштеп чыгаруунун, электр энергия бөлүштүрүү жана сатуу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн кыскарышы менен шартталды.

**7-таблица: Январь-майдагы электр энергия, газ, буу, жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу)**

| | Өндүрүлдү - бардыгы | | | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2014 | | 2015 | | 2014 | | 2015 | |
| | май | январь-май | май | январь-май | май | январь-май | май | январь-май |
| Электр энергия, млн. кВт с | 720,7 | 7481,5 | 775,0 | 6066,9 | 96,5 | 114,1 | 107,5 | 81,1 |
| Буу жана ысык суу (жылуулук энергиясы), миң Гкал | 63,2 | 1329,6 | 34,5 | 1533,1 | 146,3 | 116,1 | 54,6 | 115,3 |
| Электр энергия бөлүштүрүү жана сатуу боюнча кызмат көрсөтүүлөр (сатылып алынган электр энергиясынын наркы кошулбайт), млн. сом | 403,5 | 3708,3 | 352,9 | 3476,6 | 112,6 | 110,9 | 87,5 | 93,8 |
| Газ түрүндөгү күйүүчү майды түтүктөр менен бөлүштүрүү боюнча кызмат көрсөтүүлөр, магистралдан тышкары (сатылып алынган газдын наркы кошулбайт), млн. сом | 44,7 | 406,6 | 84,7 | 522,7 | 38,2 | 77,9 | 189,4 | 128,5 |

Үстүбүздөгү жылдын январь-майында *суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуунун* көлөмү 634,2 млн. сомду, ал эми физикалык көлөмдүн индекси - 106,8 пайызды, майда тиешелүүлүгүнө жараша 117,8 млн. сомду жана 106,8 пайызды түздү.

**Таблица 8: Январь-майдагы суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу**

| | Өндүрүлдү - бардыгы | | | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2014 | | 2015 | | 2014 | | 2015 | |
| | май | январь-май | май | январь-май | май | январь-май | май | январь-май |
| Жаратылыш суусу, млн. $м^3$ | 11,3 | 58,8 | 10,3 | 57,7 | 109,9 | 104,0 | 90,5 | 98,1 |
| Канализация, жок кылуу, агым сууларды ташуу жана аларды иштетүү боюнча кызмат көрсөтүүлөр, млн. сом | 12,2 | 69,5 | 12,4 | 68,1 | 86,0 | 100,7 | 101,9 | 98,1 |
| Айлана-чөйрөдөгү булгоолордон рекультивациялоо (калыбына келтирүү) жана тазалоо боюнча кызмат көрсөтүүлөр, млн. сом | 26,1 | 127,4 | 27,0 | 137,4 | 111,7 | 116,2 | 103,4 | 107,8 |

Чыгарылгын өнөр жай продукциясынын эң маанилүү 467 түрүнүн ичинен 2015-ж. январь-майында 199 аталышынын (42,6 пайызынын) чыгарылышы көбөйдү, 234 аталышынын (50,1 пайызы) өндүрүлүшү төмөндөдү, ал эми 33 аталышы (7,1 пайызы) өндүрүлгөн жок.

**Айыл чарбасы, токой чарбасы жана балык уулоочулук.** 2015-жылдын январь-майында айыл чарбасынын, токой чарбасынын жана балык уулоочулуктун продукциясынын дүң чыгарылышы 41213,9 млн. сом өлчөмүндө түзүлдү, муну менен бирге физикалык көлөмдүн индекси 101,8 пайызды түздү.

**9-таблица: Айыл чарбасы, токой чарбасы жана балык уулоочулуктун продукцияларынын физикалык көлөмүнүн индекси**

| | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата | | Мурунку айга карата | |
|---|---|---|---|---|
| | пайыз менен | | | |
| | 2014 | 2015 | 2014 | 2015 |
| Январь | 100,7 | 101,2 | - | - |
| Февраль | 100,8 | 101,5 | 101,8 | 102,1 |
| Январь-февраль | 100,8 | 101,4 | - | - |
| Март | 101,1 | 102,2 | 106,3 | 107,1 |
| Январь-март | 100,9 | 101,6 | - | - |
| Апрель | 101,4 | 101,8 | 106,9 | 107,5 |
| Январь-апрель | 101,0 | 101,7 | - | - |
| Май | 99,4 | 102,0 | 119,2 | 120,8 |
| Январь-май | 100,6 | 101,8 | - | - |

Үстүбүздөгү жылдын январь-майында айыл чарба продукцияларын өндүрүүнүн жалпы көлөмүн мал чарба продукциясынын 91,8 пайызы, өсүмдүк өстүрүүчүлүктүн – 4,9 пайызы, токой чарбасы жана балык уулоочулуктун - 0,3 пайызы жана кызмат көрсөтүүлөрдүн - 3,0 пайызы түздү. Айыл чарба продукцияларынын жалпы көлөмүндө дыйкан (фермер) чарбалардын жана жарандардын жеке көмөкчү чарбаларынын үлүшүнө 95,1 пайызы туура келди.

Быйылкы жылдын январь-майында айыл чарба продукцияларынын дүң чыгарылышынын көлөмүнүн өсүүсү негизинен мал чарба тармагынын продукцияларын өндүрүүнүн жогорулашы менен шартталды жана Бишкек шаарынан башка бардык региондордо белгиленди.

**10-таблица: 2015-жылдын январь-майындагы айыл чарбасы, токой чарбасы жана балык уулоочулуктун продукцияларынын аймактар боюнча дүң чыгарылышы**

| | Млн. сом (кезектеги баа менен) | Өткөн жылдын тийиштүү мезгилине карата | Жыйынтыкка карата |
|---|---|---|---|
| | | пайыз менен | |
| **Кыргыз Республикасы** | **41213,9** | **101,8** | **100** |
| Баткен облусу | 2908,7 | 101,0 | 7,1 |
| Жалал-Абад облусу | 7241,2 | 102,3 | 17,6 |
| Ысык-Көл облусу | 5143,6 | 100,7 | 12,5 |
| Нарын облусу | 4413,2 | 101,6 | 10,7 |
| Ош облусу | 8127,5 | 101,5 | 19,7 |
| Талас облусу | 2832,6 | 100,1 | 6,9 |
| Чүй облусу | 10231,3 | 102,9 | 24,8 |
| Бишкек шаары | 127,9 | 99,6 | 0,2 |
| Ош шаары | 187,9 | 101,3 | 0,5 |

Республиканын айыл чарбасында жазгы-талаа жумуштары аяктоодо.

Быйылкы жылдын майынын аягына карата жалпы республика боюнча жаздык өсүмдүктөр 643,6 миң гектарга же 2014-ж. себилген жаздык өсүмдүктөрдүн жалпы аянтынын 103 пайызына себилди. Күздүк эгиндин 103,4 миң гектар аянты азыктандырылды (өткөн жылдын тийиштүү күнүнө карата 142,7 миң гектар), жазгы айдоо - 592,9 миң гектар аянтты түздү.

**11-таблица: 2015-жылдын 24-майына карата жаздык өсүмдүктөрдүн аймактар боюнча себилиши**

| | Себилди - бардыгы, миң гектар | Жыйынтыкка карата пайыз менен |
|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасы** | **643,6** | **100** |
| Баткен облусу | 38,5 | 6,0 |
| Жалал-Абад облусу | 96,3 | 15,0 |
| Ысык-Көл облусу | 104,8 | 16,3 |
| Нарын облусу | 32,9 | 5,1 |
| Ош облусу | 96,8 | 15,0 |
| Талас облусу | 71,7 | 11,1 |
| Чүй облусу | 200,5 | 31,2 |
| Ош ш. | 1,9 | 0,3 |

Республика боюнча жалпы аянттагы себилген аянттын эң чоң үлүшү Чүй, Ысык-Көл, Ош жана Жалал-Абад облустарынын чарбаларына туура келди.

Жаздык себүүнүн эң чоң аянтына арпа, буудай, дандык жүгөрү жана картошка өсүмдүктөрү туура келди.

**12-таблица: 2015-жылдын 24-майына карата жаздык өсүмдүктөрдү түрлөр боюнча себүү**

| | Себилди - бардыгы, миң гектар | 2014-ж. себилген жаздык өсүмдүктөрдүн аянтына карата пайыз менен |
|---|---|---|
| Буудай | 123,9 | 94,5 |
| Арпа | 158,9 | 110,1 |
| Дандык жүгөрү | 92,1 | 114,1 |
| Картошка | 60,3 | 115,1 |
| Жашылчалар | 34,2 | 124,9 |
| Май өсүмдүктөрү | 42,3 | 100,6 |

Жалпысынан республика боюнча жаздык буудайды себүү 2014-жылы себилген аянтка карата 94,5 пайыздан көбүн түздү.

**13-таблица: 2015-жылдын 24-майына карата жаздык буудайды аймактар боюнча себүү**

| | Себилди - бардыгы, миң гектар | 2014-ж. себилген жаздык өсүмдүктөрдүн аянтына карата пайыз менен |
|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасы** | 123,9 | 94,5 |
| Баткен облусу | 8,1 | 99,3 |
| Жалал-Абад облусу | 3,8 | 86,6 |
| Ысык-Көл облусу | 54,3 | 96,0 |
| Нарын облусу | 11,7 | 80,7 |
| Ош облусу | 19,8 | 102,5 |
| Талас облусу | 1,5 | 108,2 |
| Чүй облусу | 24,6 | 92,1 |

Талас, Ош, Баткен жана Ысык-Көл облустарынын чарбаларындагы жаздык буудайды себүү орточо республикалык көрсөткүчтөрдөн жогору болду.

Үстүбүздөгү жылдын январь-майында өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда мал чарба продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүүнүн көлөмү өстү.

**14-таблица: 2015-жылдын январь-майындагы чарбалардын бардык категорияларында мал чарбасынын продуктуларынын негизги түрлөрүнүн өндүрүлүшү**

| | Өндүрүлдү - бардыгы, тонн | | | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2014 | | 2015 | | 2014 | | 2015 | |
| | май | январь-май | май | январь-май | май | январь-май | май | январь-май |
| Союулуучу мал жана канаттуу (тирүүлөй салмакта) | 28101,4 | 136660,8 | 28847,9 | 139624,6 | 101,1 | 101,3 | 102,7 | 102,2 |
| Чийки сүт | 147203,4 | 496080,7 | 151637,9 | 508686,8 | 102,8 | 102,4 | 103,0 | 102,5 |
| Жумуртка, миң даана | 49741,9 | 181443,4 | 47912,1 | 173543,2 | 106,8 | 104,7 | 96,3 | 95,6 |
| Жүн, тонна | 5494,7 | 5494.7 | 5191,3 | 5576,3 | 101,6 | 101,6 | 94,5 | 101,5 |

Быйылкы жылдын январь-майында союлуучу малдарды жана канаттууларды өндүрүү (тирүүлөй салмакта) өткөн жылдын январь-майы менен салыштырганда 2,2 пайызга, сүт - 2,5 пайызга жана жүн - 1,5 пайызга өсүшү малдардын башынын көбөйүшү менен шартталды.

**15-таблица: 2015-жылдын январь-майындагы мал чарбасынын продуктуларынын негизги түрлөрүнүн аймактар боюнча өндүрүлүшү**

| | Союлуучу мал жана канаттуу (тирүүлөй салмакта) | Чийки сүт | Жумуртка, миң даана | Жүн, тонна |
|---|---|---|---|---|
| | | *Тонна* | | |
| **Кыргыз Республикасы** | **139624,6** | **508686,8** | **173543,2** | **5576,3** |
| Баткен облусу | 9176,1 | 29850,5 | 5498,0 | 348,0 |
| Жалал-Абад облусу | 20425,0 | 92636,3 | 24353,0 | 794,0 |
| Ысык-Көл облусу | 18192,3 | 78064,4 | 12024,0 | 224,0 |
| Нарын облусу | 19808,0 | 34460,0 | 1652,9 | 1110,0 |
| Ош облусу | 26381,3 | 108939,6 | 19260,0 | 1634,2 |
| Талас облусу | 10245,0 | 26308,6 | 8667,4 | 476,1 |
| Чүй облусу | 34715,9 | 135429,4 | 100940,9 | 969,4 |
| Бишкек ш. | 106,0 | 296,0 | 435,0 | 0,6 |
| Ош ш. | 575,0 | 2702,0 | 712,0 | 20,0 |
| | *Өткөн жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен* | | | |
| **Кыргыз Республикасы** | **101,2** | **102,5** | **95,6** | **101,5** |
| Баткен облусу | 101,3 | 100,9 | 101,9 | 102,4 |
| Жалал-Абад облусу | 102,4 | 102,6 | 109,3 | 95,2 |
| Ысык-Көл облусу | 102,4 | 104,1 | 44,7 | 107,7 |
| Нарын облусу | 101,7 | 103,2 | 105,4 | 102,4 |
| Ош облусу | 101,6 | 102,3 | 101,0 | 101,8 |
| Талас облусу | 100,5 | 99,0 | 101,7 | 102,1 |
| Чүй облусу | 103,4 | 102,8 | 104,2 | 103,4 |
| Бишкек ш. | 97,3 | 82,9 | 187,5 | 100,0 |
| Ош ш. | 100,5 | 101,9 | 119,5 | 111,1 |

Союлуучу малдарды жана канаттууларды өндүрүүнүн өсүүсү (тирүүлөй салмакта) Бишкек шаарынан башка региондордун бардык чарбаларында, сүт - Талас облусунан жана Бишкек шаарынан башка региондордун бардык чарбаларында белгиленди.

Жалпысынан республика боюнча бир уйдан орточо саалган сүт 697 кг түздү. Чүй (1059 кг), Талас (798 кг) жана Ысык-Көл (771 кг) облустарынын чарбаларында сүттү саап алуу орточо республикалык деңгээлден жогору болду.

Жумуртка өндүрүү Бишкек, Ош шаарларынын, Жалал-Абад, Нарын жана Чүй облустарынын чарбаларында өстү.

**Курулуш.** Курулуштун дүң продукциясынын жалпы көлөмү 2015-ж. январь-майында 28257,7 млн. сомду түздү, бул 2014-ж. январь-майына салыштырганда 11,8 пайызга көп. Ү.ж. майында анын көлөмү 7441,7 млн. сомду түздү же 2014-ж. майына караганда 11,4 пайызга көп.

Негизги капиталга инвестиция өздөштүрүүнүн деңгээли 2015-ж. январь-майында 2014-жылдын январь-майына салыштырмалуу 6,9 пайызга өсүп (салыштырмалуу баада), 29457,1 млн. сомду түздү. Ү.ж. майында анын көлөмү 6846,1 млн. сомду же 2014-ж. майынын деңгээлине карата 99,7 пайызды түздү.

**16-таблица: Негизги капиталга инвестициянын динамикасы**

| | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата | | Мурунку айга карата | |
|---|---|---|---|---|
| | пайыз менен | | | |
| | 2014 | 2015 | 2014 | 2015 |
| Январь | 145,6 | 106,0 | 17,0 | 15,5 |
| Февраль | 141,9 | 105,5 | 191,0 | 190,0 |
| Январь-февраль | 143,1 | 105,7 | - | - |
| Март | 104,6 | 106,2 | 136,1 | 137,1 |
| Январь-март | 122,0 | 105,9 | - | - |
| Апрель | 120,6 | 119,2 | 72,7 | 81,6 |
| Январь-апрель | 121,6 | 109,3 | - | - |
| Май | 107,4 | 99,7 | 130,0 | 108,7 |
| Январь-май | 117,7 | 106,9 | - | - |

2014-жылдын январь-майына салыштырмалуу ички булактардын эсебинен каржыланган негизги капиталга инвестициянын көлөмү 8,5 пайызга өстү (анын ичинен жергиликтүү бюджеттин эсебинен - 2,5 эсеге, республикалык бюджеттин эсебинен - 2,2 эсеге, калктын каражатынын эсебинен - 25,8 пайызга), тышкы булактардын эсебинен 1,6 пайызга (муну менен бирге чет өлкөлүк гранттардын жана гуманитардык жардамдын эсебинен - 3,5 эсеге, чет өлкөлүк насыянын эсебинен - 12,6 пайызга,) өстү.

**17-таблица: Январь-майдагы каржылоо булактары боюнча негизги капиталга инвестиция**

| | Млн. сом | | Жыйынтыкка карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2014 | 2015 | 2014 | 2015 |
| **Бардыгы** | **26300,3** | **29457,1** | **100** | **100** |
| **Ички инвестициялар** | **20458,9** | **23234,9** | **77,8** | **78,9** |
| Республикалык бюджет | 319,2 | 725,2 | 1,2 | 2,5 |
| Жергиликтүү бюджет | 56,1 | 147,1 | 0,2 | 0,5 |
| Ишканалардын жана уюмдардын каражаттары | 12466,9 | 12413,6 | 47,4 | 42,1 |
| Банктардын насыялары | 76,6 | 9,0 | 0,3 | 0,0 |
| Калктын каражаттарын, КР резиденттеринин кайрымдуулук жардамын кошкондо | 7540,1 | 9940,0 | 28,7 | 33,8 |
| **Тышкы инвестициялар** | **5841,4** | **6222,2** | **22,2** | **21,1** |
| Чет өлкөлүк насыялар | 3736,5 | 4414,4 | 14,2 | 15,0 |
| Тике чет өлкөлүк инвестициялар | 1890,9 | 1029,7 | 7,2 | 3,5 |
| Чет өлкөлүк гранттар жана гуманитардык жардам | 214,0 | 778,1 | 0,8 | 2,6 |

Айыл чарбасы, токой чарбасы жана балык уулоочулук объекттеринин курулушуна негизги капиталга инвестиция өздөштүрүүнүн көлөмү 2014-ж. январь-майына салыштырмалуу 2,2 эсе көбөйдү. Каржылоо, негизинен, чет өлкөлүк гранттардын жана гуманитардык жардамдын эсебинен, ошондой эле республикалык бюджеттин (83,4 пайызы) эсебинен каржыланды.

Пайдалуу кендерди казуу объекттеринин курулушуна негизги капиталга инвестиция өздөштүрүүнүн деңгээли 2015-жылдын январь-майында өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 73 пайызды түздү. Муну менен бирге инвестициянын негизги көлөмү (93,5 пайызы) ишканалардын жана уюмдардын каражаттарынын эсебинен каржыланды.

Иштетүү өндүрүшүнүн объекттеринин курулушуна өздөштүрүлгөн инвестициянын көлөмү 2014-ж. январь-майына салыштырганда 24,4 пайызга төмөндөдү (муну менен мунайзат продуктуларын өндүрүү боюнча объекттердин курулушуна инвестициянын көлөмү 1,4 эсеге азайды). Каржылоо, негизинен, чет өлкөлүк насыялардын (89,7 пайызы) эсебинен каржыланды.

Электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо боюнча объекттерин курууга багытталган өздөштүрүлгөн каражаттардын көлөмү 2014-ж. январь-майына салыштырганда 1,4 эсеге көбөйдү. Инвестициянын негизги көлөмү (95,8 пайызы) чет өлкөлүк насыялардын, тике чет өлкөлүк инвестициялардын, ошондой эле ишканалардын жана уюмдардын каражаттарынын эсебинен каржыланды.

Суу менен жабдуу, тазалоо жана калдыктарды иштетүү объекттеринин курулушуна багытталган инвестициянын көлөмү олуттуу (3,3 эсеге) көбөйдү. Муну менен инвестициянын негизги көлөмү чет өлкөлүк гранттардын жана гуманитардык жардамдын, ошондой эле республикалык бюджеттин эсебинен (82,5 пайызы) каржыланды.

Дүң жана чекене соода, автомобилдерди жана мотоциклдерди ондоо объекттеринин курулушундагы негизги капиталга иинвестиция өздөштүрүүнүн деңгээли 2014-ж. январь-майына салыштырмалуу 2,8 эсеге көбөйдү. Курулуш негизинен ишканалардын жана уюмдардын, калктын каражаттарынын, ошондой эле чет өлкөлүк насыялардын эсебинен каржыланды.

Транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо объекттеринин курулушу негизинен чет өлкөлүк насыялардын, чет өлкөлүк гранттардын жана гуманитардык жардамдын, ошондой эле республикалык бюджеттин (85,9 пайызы) эсебинен каржыланды, ал эми алардын курулушуна өздөштүрүлгөн инвестициянын көлөмү 2014-ж. январь-майына салыштырмалуу 1,9 эсеге өстү.

Мейманканалардын жана ресторандардын курулушуна өздөштүрүлгөн инвестициянын көлөмү 2014-ж. январь-майына салыштырмалуу 22,1 пайызга көбөйдү. Курулуш калктын каражаттарынын, чет өлкөлүк насыялардын, ошондой эле ишканалардын жана уюмдардын каражаттарынын эсебинен каржыланды.

Байланыш объекттеринин курууга жана реконструкциялоого багытталган инвестициялардын негизги көлөмү (99,9 пайызы) ишканалардын жана уюмдардын каражаттарынын эсебинен каржыланып, 2014-ж. январь-майына салыштырганда 1,6 пайызга көбөйдү.

Билим берүү объекттеринин курулушуна багытталган инвестициянын көлөмү 2,6 эсеге, саламаттыкты сактоо - 1,3 эсеге олуттуу көбөйдү. Муну менен билим берүү объекттеринин курулушундагы негизги көлөм тике чет өлкөлүк инвестициялардын, ошондой эле чет өлкөлүк гранттардын жана гуманитардык жардамдын (67,6 пайызы) эсебинен каржыланса, анда саламаттыкты сактоо объекттеринин курулушу - калктын каражаттарынын жана республикалык бюджеттин эсебинен (97,3 пайызы) каржыланды.

Искусство, көңүл ачуу жана эс алуу объекттеринин курулушуна багытталган өздөштүрүлгөн инвестициянын көлөмү 4,2 пайызга көбөйдү, муну менен курулуш негизинен ишканалардын жана уюмдардын, ошондой эле калктын каражаттарынын жана КРнын резиденттеринин кайрымдуулук жардамдарынын (70,6 пайызы) эсебинен ишке ашырылды.

**18-таблица: Январь-майдагы экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча негизги капиталга инвестиция**

| | Млн. сом | | Жыйынтыкка карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2014 | 2015 | 2014 | 2015 |
| **Бардыгы** | **26300,3** | **29457,1** | **100** | **100** |
| Айыл чарбасы, токой чарбасы жана балык уулоочулук | 144,0 | 333,0 | 0,5 | 1,1 |
| Пайдалуу кендерди казуу | 10082,0 | 7707,9 | 38,3 | 26,2 |
| Иштетүү өндүрүшү (иштетүү өнөр жайы) | 3570,9 | 2833,6 | 13,6 | 9,6 |
| Электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) | 703,3 | 1052,3 | 2,7 | 3,6 |
| Суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу | 67,7 | 231,1 | 0,3 | 0,8 |
| Дүң жана чекене соода; автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоо | 386,3 | 1134,6 | 1,5 | 3,9 |
| Транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо | 418,5 | 837,3 | 1,6 | 2,8 |
| Мейманкалардын жана ресторандардын ишмердиги | 322,7 | 412,8 | 1,2 | 1,4 |
| Маалымат жана байланыш | 697,3 | 741,2 | 2,7 | 2,5 |
| Финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу | 9,2 | 5,2 | 0,0 | 0,0 |
| Кыймылсыз мүлк операциялары | 168,0 | 188,4 | 0,6 | 0,6 |
| Кесиптик, илимий жана техникалык ишмердик | 0,2 | 1,4 | 0,0 | 0,0 |
| Административдик жана көмөкчү ишмердик | - | 0,1 | - | 0,0 |
| Мамлекеттик башкаруу жана коргоо, милдеттүү социалдык камсыздандыруу | 5,1 | 5,6 | 0,0 | 0,0 |
| Билим берүү | 473,4 | 1280,0 | 1,8 | 4,3 |
| Саламаттыкты сактоо жана калкты социалдык жактан тейлөө | 66,6 | 91,5 | 0,3 | 0,3 |
| Искусство, көңүл ачуу жана эс алуу | 178,9 | 195,1 | 0,7 | 0,7 |
| Башка тейлөө ишмердиги | 222,0 | 396,2 | 0,8 | 1,3 |

2015-жылдын январь-майында объекттерде 382 млн. сом суммасында капиталдык жана күнүмдүк оңдоолор жүргүзүлдү, анын ичинен 71,6 пайызы ишканалардын жана уюмдардын каражаттарынын эсебинен, 17,2 пайызы республикалык бюджеттин, 9,7 пайызы жергиликтүү бюджеттин, 1,0 пайызы калктын каражаттарынын, 0,5 пайызы - чет өлкөлүк гранттардын жана гуманитардык жардамдын эсебинен каржыланды.

2015-жылдын январь-майында жалпы аянты 290,5 миң чарчы метр болгон 2551 жеке турак үй же 2014-ж. январь-майынын деңгээлине карата 93,5 пайызы *пайдаланууга берилди.*

Өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда жеке турак үйлөрдү пайдаланууга берүү көлөмүнүн кыскарышы Ысык-Көл, Ош жана Чүй облустарын кошпогондо бардык региондордо белгиленди.

2015-жылдын январь-майында жеке турак үйлөрдүн курулушуна (баалоо боюнча) негизги капиталга инвестициянын 4246,4 млн. сому же 2014-ж. январь-майынын деңгээлине карата 72,9 пайызы пайдаланылды. Өздөштүрүлгөн инвестициянын жалпы көлөмүндө жеке турак жай курулушуна сарпталган каражаттардын үлүшү 14,4 пайызды түздү.

Жеке турак үйлөрдү ишке киргизүүнүн негизги үлүшү (жалпы көлөмдүн 71,1 пайызы) Бишкек шаарына, Ош, Чүй жана Жалал-Абад облустарына туура келди.

Айыл жерлеринде 173,0 миң чарчы метр жеке турак үй же жалпы көлөмүнүн 59,6 пайызы ишке киргизилди.

**19-таблица: 2015-жылдын январь-майындагы жеке турак үйлөрдүн аймактар боюнча ишке киргизилиши**

| | Киргизилди - бардыгы, жалпы аянттын миң ч. м. | Өткөн жылдын тийиштүү мезгилине карата | Жыйынтыкка карата |
|---|---|---|---|
| | | пайыз менен | |
| **Кыргыз Республикасы** | **290,5** | **93,5** | **100** |
| Баткен облусу | 15,5 | 82,1 | 5,3 |
| Жалал-Абад облусу | 43,0 | 77,7 | 14,8 |
| Ысык-Көл облусу | 21,6 | 128,8 | 7,4 |
| Нарын облусу | 12,8 | 86,9 | 4,4 |
| Ош облусу | 53,2 | 117,1 | 18,3 |
| Талас облусу | 21,2 | 97,0 | 7,3 |
| Чүй облусу | 50,7 | 115,3 | 17,5 |
| Бишкек ш. | 59,6 | 75,3 | 20,5 |
| Ош ш. | 12,9 | 88,0 | 4,5 |

**Чет өлкөлүк инвестициялар**. Үстүбүздөгү жылдын I кварталында өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу чет өлкөлүк инвестициянын түшүү көлөмү (кетүү агымын эсептебегенде) 1,6 эсеге көбөйүп, 1463,3 млн. АКШ долларын түздү. Муну менен келүү агымы кетүү агымынын деңгээлинен 126,5 млн. долларга ашты.

**20-таблица: Январь-марттагы чет өлкөлүк инвестициялардын түшүүсү[1]**

| | млн. АКШ доллары | | Жыйынтыкка карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2014 | 2015 | 2014 | 2015 |
| **Бардыгы** | **904,0** | **1463,3** | **100** | **100** |
| Тике чет өлкөлүк инвестициялар | 164,7 | 320,7 | 18,2 | 21,9 |
| Портфелдик инвестициялар | 0,0 | 145,3 | 0,0 | 9,9 |
| Башка инвестициялар | 736,8 | 954,3 | 81,5 | 65,2 |
| Гранттар, техникалык жардам | 2,5 | 43,0 | 0,3 | 3,0 |

[1] Кетүү агымын эсептебегенде.

Чет өлкөлүк инвестициялардын түшүү көлөмүнүн өсүүсү Ош облусун жана Ош шаарын кошпогондо бардык региондордо белгиленди.

**21-таблица: Январь-марттагы чет өлкөлүк инвестициялардын аймактар боюнча түшүүсү[1]**

| | млн. АКШ доллары | | Жыйынтыкка карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2014 | 2015 | 2014 | 2015 |
| **Кыргыз Республикасы** | **904,0** | **1463,3** | **100** | **100** |
| Баткен облусу | 13,1 | 14,1 | 1,5 | 1,0 |
| Жалал-Абад облусу | 28,2 | 181,8 | 3,1 | 12,4 |
| Ысык-Көл облусу | 348,1 | 449,0 | 38,5 | 30,7 |
| Нарын облусу | 0,6 | 2,5 | 0,1 | 0,2 |
| Ош облусу | 0,6 | 0,3 | 0,1 | 0,0 |
| Талас облусу | 0,4 | 0,5 | 0,0 | 0,0 |
| Чүй облусу | 72,6 | 266,2 | 8,0 | 18,2 |
| Бишкек ш. | 387,1 | 440,4 | 42,8 | 30,1 |
| Ош ш. | 15,5 | 3,6 | 1,7 | 0,2 |
| Облустарга бөлүнбөгөн аймак | 37,8 | 104,9 | 4,2 | 7,2 |

[1] Кетүү агымын эсептебегенде.

2015-жылдын январь-мартында тике чет өлкөлүк инвестициялардын келүү агымы 2014-ж январь-мартына салыштырмалуу 1,9 эсеге көбөйүп, 320,7 млн. АКШ долларын түздү. Муну менен келүү агымы кетүү агымынын деңгээлинен 39,7 млн. долларга ашты.

Тике чет өлкөлүк инвестициялардын түзүмүндө өткөн жылдын I кварталына салыштырмалуу көлөмү 10,1 эсеге кыскарган ишканалардын чет өлкөлүк ээлеринен алынган насыяларды кошпогондо анын бардык түзүүчүлөрүнүн көбөйүшү белгиленди.

**22-таблица: Январь-марттагы тике чет өлкөлүк инвестициялардын түшүү түзүмү[1]**

| | млн. АКШ доллары | | Жыйынтыкка карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2014 | 2015 | 2014 | 2015 |
| **Бардыгы** | **164,7** | **320,7** | **100** | **100** |
| Менчик капитал | 20,8 | 210,0 | 12,6 | 65,5 |
| Финансы лизинги | - | - | - | - |
| Кайра инвестицияланган пайда | 69,5 | 76,5 | 42,2 | 23,8 |
| Башка капитал | 74,4 | 34,2 | 45,2 | 10,7 |
| анын ичинде: | | | | |
| ишканалардын чет өлкөлүк ээлеринен алынган насыялар | 65,7 | 6,5 | 39,9 | 2,1 |
| соода насыялары | 8,7 | 27,7 | 5,3 | 8,6 |

[1] Кетүү агымын эсептебегенде.

Тике чет өлкөлүк инвестициялардын негизги көлөмү (88,4 пайызы) геологиялык чалгындоо, иштетүү өндүрүш ишканаларына жана финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу чөйрөлөрүнө багытталды. Муну менен бирге геологиялык чалгындоого багытталган инвестициялардын көлөмү 2,8 эсеге, иштетүү өндүрүш ишканаларына – 2,3 эсеге көбөйдү, ал эми финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу чөйрөсүнө тескерисинче 1,9 эсеге азайды.

